| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII -сессиясынын**
**№1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетин 2022-жылдын 9 айына бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө “ № 123 мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча 2022-жылдын 9 айына карата кошумча киреше жана үнөмдөлгөн акча каражаттарынын эсебеинен өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн билдирүүсүн, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана ички-сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетине түшкөн 16000,0 миң сом акча каражаты киреше бөлүгүнө бекитилсин.
2. Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин 2022-жылга карата бекитилген сметасындагы асфальтка каралган 10000,0 миң сом акча каражаты иштетилбегендиктен керектүү элементтерге иштетүү үчүн бөлунсүн.
3. Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин атайын каражаттар эсеп счетуна 2000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
4. Базар-Коргон шаарындагы № 20 Насыйкат балдар бакчасынын ремонту үчүн 4000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
5. Базар-Коргон шаарындагы борбордук айланпаны ремонттоо үчүн 1361,2 миң сом акча каражаты бекитилсин.
6. Базар-Коргон шаар мэриясынын имаратын ремонту үчүн 1300,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
7. Базар-Коргон шаарындагы № 12 Назик, № 49 Алтын-Балалык балдар бакчасынын жаңы ачылган тайпаларына тамак аш үчүн 600,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
8. Базар-Коргон шаар мэриясынын алдындагы “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасына субцидия катары 500,0 миң сом акча каражаты жана “Экскаватор” атайын техникасын сатып алуу үчүн 5000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
9. Базар-Коргон шаар мэриясынын кызматтык авто унаасын ремонту үчүн 120,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
10. Базар-Коргон шаарына караштуу “Чубак Ажы Жалилов” атындагы жаңы конушундагы (Үч-Эмчек участкасындагы) жерлерди трансформациядан чыгаруу кызматы үчүн 600,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
11. Базар-Коргон шаарындагы жаңы ачылган бала бакчаларга көмүр сатып алуу үчүн 380,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.

12. Базар-Коргон шаарындагы Ак-Бермет бала бакчасынын жылытуу системасын куруу үчүн 1000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
13. Базар-Коргон шаар мэриясынын аткара турган иштерине долбоорлор, сметалар жана экспертизалар жасатуу үчүн 1500,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
14. Базар-Коргон шаар аймагына керектелүүчү столба, зым, трансформатор сатып алуу үчүн 2000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
15. Базар-Коргон шаар мэриясынын алдындагы “Тазалык” муниципалдык ишканасына атайын техника сатып алуу үчүн 3000,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
16. Базар-Коргон шаарынын Сай-Коргон участкасына көпүрө куруу үчүн 872,4 миң сом акча каражаты бекитилсин.
17. Базар-Коргон шаарында жашаган оорукчан-майып балдар үчүн сүт-азыктары сатып алууга 60,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
18. Базар-Коргон шаар мэриясына жана Базар-Коргон шаардык Кеңешине компьютер сатып алуу үчүн 350,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
19. Базар-Коргон шаарынын Бабур участкасында жайгашкан мазардын ичинен жана сыртынан өткөн агын суу арыктарына бетон-латок куруу үчүн 600,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
20. Базар-Коргон шаар мэриясынын алдындагы “Аксакалдар сотуна” 24,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
21. Базар-Коргон шаарындагы спорт оюндарына 100,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
22. Базар-Коргон шаарындагы № 26 А.Худайбердиев атындагы мектепке эмеректер сатып алуу үчүн 150,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
23. Базар-Коргон шаарындагы Аралов көчөсүндөгү стадиондун айланасын тосмолоо үчүн 120,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
24. Базар-Коргон шаарындагы Беш-Бадам участкасындагы фельшердик-акушердик пункту ремонттоо үчүн 150,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
25. Базар-Коргон шаарынын “Өзгөчө кырдаалдар учуруна” 500,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
26. Базар-Коргон шаарында Улуттук оюндарды колдоо иретинде “Тай-Казан” куруу үчүн 100,0 миң сом акча каражаты бекитилсин.
27. Базар-Коргон шаар мэриясынын алдын-ала каралбаган чыгымдары үчүн 1612,4 миң сом акча каражаты бекитилсин. Жалпысы болуп Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен 28000,0 миң сом акча каражаты бекитилип, жогоруда көрсөтүлгөн жумуштар үчүн ажыратылып берилсин. 2022-жыл ичинде үнөмдөлгөн акча каражаттарын Базар-Коргон шаар мэриясы тарабынан керектүү көйгөйлүү чыгымдарга бекитилсин.
28. Токтомду аткарууга алуу жагы Базар-Коргон шаарынын убактылуу милдетин аткаруучу мэрине жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.
29. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
30. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы шаар Кенешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
31. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаар Кеңешинин Бюджет-Экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары:** **Анарбеков К.К**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII-сессиясынын**
**№2-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетине 2022-жылдын 9 айына карата өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча 2022-жылдын 9 айына карата кошумча киреше жана үнөмдөлгөн акча каражаттарынын эсебеинен өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн билдирүүсүн, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана ички-сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат**:

1.Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын берген билдируусунун негизинде 2022-жылдын 9 айына карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

1). 70111-разделдин 2214-статьясына -120,0миң сомго

2). 70111-разделдин 2215-статьясына +1224,0миң сомго

3). 70111-разделдин 2721-статьясына +60,0миң сомго

4). 70111-разделдин 3112-статьясына +350,0миң сомго

5). 70629-разделдин 2511-статьясына +600,0миң сомго

6). 70629-разделдин 3111-статьясына +666,0миң сомго

7).70629-разделдин 3112-статьясына +7000,0миң сомго

8).70911-разделдин 2218-статьясына +600,0миң сомго

9). 70911-разделдин 2222-статьясына +100,0миң сомго

10). 70911-разделдин 2224-статьясына +230,0миң сомго

11). 70911-разделдин 3111-статьясына +5000,0миң сомго

12). 70921-разделдин 2224-статьясына +150,0миң сомго

Жалпысы болуп 16000,0 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2.Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэриясынын мэрине жана финансы-экономика бөлүмүнүнүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаар Кеңешинин Бюджет-Экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары: Анарбеков К.К.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**<br>**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**<br>**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**<br>**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |
| Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 | г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,<br>тел: (03736) 5-00-53 |

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII-сессиясынын**
**№3-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетине 2022-жылдын 9 айына карата өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча 2022-жылдын 9 айына карата кошумча киреше жана үнөмдөлгөн акча каражаттарынын эсебинен өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн билдирүүсүн, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана ички-сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын берген билдируусунун негизинде 2022-жылдын 9 айына карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө атайын каражаттар эсебинен төмөндөгүдөй отургузулсун.

1).70911-разделдин 2218-статьясына +2000,0 миң сомго отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэриясынын мэрине жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылар жөнүндө” мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаар Кеңешинин Бюджет-Экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары: Анарбеков К.К.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары.

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I чакырылышынын**
**кезектеги XVII сессиясынын**
**№4 ТОКТОМУ**

№ 49 “ Алтын балалык” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 1 тайпа ачууга уруксат беруу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”№ 123 мыйзамынын 27-беренесинин 19- пунктун аткарууга алуу менен Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу № 49 “Алтын балалык” мектепке чейинки билим берүү уюмунун 2022-жылдын 14-ноябрындагы кириш № С-1900 сандуу катынын негизинде кошумча 25 орундуу 1(бир) тайпа ачып беруу боюнча кайрылуусун,Базар-Коргон шаардык Кенешинин депутаттары жеринен барып корушуп, талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар- Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. № 49 “Алтын балалык” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 1(бир) тайпа ачып берүүгө уруксат берилсин.

2. № 49 “Алтын балалык” мектепке чейинки билим берүү уюмуна кошумча 1(бир) тайпа ачылгандыгына байланыштуу тамак-аш, көмүр-отун жана инвентарлар менен камсыз кылуу жагы Базар-Коргон шаарынын убактылуу милдетин аткаруучу мэрине милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаардык Кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары:** **Анарбеков К.К**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII -сессиясынын**
**№ 5-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаарына таза суу жана канализация боюнча Европалык реконструкция жана өнүктүрүү банкы тарабынан келүүчү инвестицияны алууга макулдук берүү жөнүндө

Таза суу жана канализация системасын калыбына келтирүү боюнча “Европалык реконструкция жана өнүктүрүү банкынын” долбооруна Базар-Коргон шаары кошулгандыгына байланыштуу бул долбоорого макулдук берүү жөнүндөгү Базар-Коргон шаар мэриясынын алдындагы “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Араловдун 22.11.2022-ж. № 26 сандуу кайрылуусун карап чыгып, талкуулап, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаары таза суу жана канализация системасын калыбына келтирүү боюнча “Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын” долбооруна киргендигине байланыштуу инвестицияны тартууга (алууга) макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын убактылуу милдетин аткаруучу мэрине жана “Базар-Коргон сууканал” муниципалдык ишканасынын жетекчисине милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаар Кеңешинин Бюджет-Экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары:** **Анарбеков К.К.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII -сессиясынын**
**№ 6-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар тургундарына материалдык жардам катары каражат бөлүп берүү жөнүндө

Базар-Коргон шаарынын тургундары Саттаров Шерзод жана Максудова Зарипа Базар-Коргон шаар мэриясына материалдык жардам сурап жазган арыздарын, Базар-Коргон шаар мэринин сунуштарын, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин “ Социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул, маданият, коомдук уюмдар, жергиликтүү жамааттар менен байланыш” боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин жана Кыргыз Республикасынын улуттук “Ден соолук” программасын эске алуу менен, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. 1). Базар-Коргон шаарынын тургуну Саттаров Шерзод 20,0 миң сом,
   2). Базар-Коргон шаарынын тургуну Максудова Зарипа 20,0 миң сом,
   жалпысы 40,0 миң сом акча каражаты Базар-Коргон шаар мэриясынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен ажыратылып берилсин.

2. Токтомду аткарууга алуу жагы Базар-Коргон шаарынын убактылуу милдетин аткаруучу мэрине милдеттендирилсин.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү жагы шаар Кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Базар-Коргон шаардык Кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары:** **Анарбеков К.К.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII -сессиясынын**
**№ 7-ТОКТОМУ**

Убактылуу комиссия түзүү жөнүндө

Базар-Коргон шаардык Кеңешинин депутаты С. Марамовдун Базар-Коргон шаар мэриясы тарабынан Базар-Коргон шаар аймагындагы бала бакчаларына ажыратылган жана бөлүнгөн акча каражаттарга алынуучу көмүр-отун менен тамак-аш боюнча абалын көзөмөлдөө үчүн убактылуу комиссия курамын түзүү жөнүндөгү сунушун карап чыгып талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаар аймагындагы бала бакчаларына ажыратылган жана бөлүнгөн акча каражаттарга алынуучу көмүр-отун менен тамак-аш боюнча абалын көзөмөлдөө боюнча Базар-Коргон шаардык Кеңешинин депутаттарынан төмөнкү курамда убактылуу комиссия түзүлсүн:
   1). Маматова Самара Камилжановна - комиссия төрайымы,
   2). Сулайманова Айгүл Жусуповна - комиссия мүчөсү,
   3). Алыкулова Айнагуль Маматжановна - комиссия мүчөсү,
   4). Марамов Садыкалы Шарабидинович - комиссия мүчөсү,
   5). Хакимжанова Гулором Жамшидовна - комиссия мүчөсү,
   6). Турдиева Бактыкан Жанышовна - комиссия мүчөсү,
   7). Аттокуров Канболот Джапарович - комиссия мүчөсү,
   8). Абдисаматова Рахима Якяжановна - комиссия мүчөсү,
   9). Жуманазаров Элдияр - комиссия мүчөсү.

2. Токтомду аткарууга алуу жагы убактылуу комиссиянын төрайымы С. Маматовага милдеттендирилсин.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы шаардык Кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Базар-Коргон шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары К. Анарбековко милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары: Анарбеков К.К.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ГОРОД БАЗАР-КОРГОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53


24.11.2022-жыл Базар-Коргон шаары

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XVII -сессиясынын**
**№ 8-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар борборундагы “Үсөн Сыдыков” атындагы парк жөнүндө

Базар-Коргон шаар борборундагы “Үсөн Сыдыков” атындагы парк боюнча Базар-Коргон шаар мэриясынын 18.10.2021-жылдагы чыгарылган токтомдун негизинде түзүлгөн келишимдерди жана паркты текшерүү боюнча түзүлгөн убактылуу комиссиянын корутундусун карап чыгып, талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XVII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын 18.10.2021-жылдагы № 708-Т сандуу токтомунун негизинде 25000,0 чарчы метр жер тилкеси, № 705-Т сандуу токтомунун негизинде 23000,0 чарчы метр жер тилкеси, № 706-Т сандуу токтомунун негизинде 27000,0 чарчы метр жер тилкеси, № 704-Т сандуу токтомунун негизинде 18200,0 чарчы метр жер тилкеси түзүлгөн келишимдер боюнча Х.Халмурзаевке ижарага берилип кеткендиктен, Базар-Коргон шаарындагы борбордук парктын жер тилкеси боюнча келишим толук аткарылбагандыгына байланыштуу Базар-Коргон шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык жерлерди сатуу жана ижарага берүү боюнча комиссия аркылуу 4 лотко чыгарылган токтомдор жокко чыгарылып, ачык конкурс өткөрүү менен кайра берилсин.
2. Токтомду аткарууга алуу жагы Базар-Коргон шаарынын убактылуу милдетин аткаруучу мэрине жана шаардын вице мэрине милдеттендирилсин.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы шаардык Кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Базар-Коргон шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары А.Сулаймановага милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**Кеңешинин төрагасынын орун басары:** **Анарбеков К.К.**